**УДК 372.87.**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-423-429**

**Камилжан кызы К.**
окутуучу
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Ош ш.
kamilzhan92@bk.ru

## СТУДЕНТТЕРДИ ЖҮНДӨН ПАННО ЖАСООДОГУ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

**Аннотация:** Изилдөөнүн предмети кыргыз чеберлеринин кийиз өнөрүн үйрөнүү жана эл арасына, жеңил өнөр жайына кеңири жайылтуу.

Изилдөөнүн максаты – көчмөн калкыбыздын уз-чеберлери жүндү уютуп шырдак, ала-кийиз жасашкан бул өнөрдү келечек муундарга ыңгайлуу ыкма менен үйрөтүү. Жүндөн жасалган буюмдар интерьерди кооздо үчүн панно, картиналар студенттерге үйрөтүүнүн жөнөкөй ыкмаларын иштеп чыгуу. Уз-чеберлердин чыгармачылыгын өндүрүшкө жайылтуу аркылуу нукура салттуу буюмдарды жаратууга жана алардын эл арасында тарашына студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү жана ыңгайлуу шарттарды түзүү. Кыргыздардын улуттук өнөрүн келечектеги муундарга калтыруу кийиз буюмдарын жасоону өндүрүшкө терең жайылтуу аркылуу салттуу кийиз буюмдарды өндүрүүгө жана алардын эл арасында тарашына шарттарды түзүү. Буюмдагы жана кастюмдагы кийиз өнөрүн мода багыттарына шайкеш келтирүү менен ар бир доордо кийиз өнөрүн сактоону жана келечектеги муундарга калтырууну камсыздоо.

Илимдеги жаңылыгы- кийиз жасоо негизги 4 – этаптын жыйынтыгында технологиясы аныкталды. Алынган жыйынтыктар студенттердин көркөм кол өнөрчүлүк искусствосу таалиминен жүндөн жасалган буюмдарды өдүрүштө сапаттуу жасоого колдонуу үчүн материалдар жана жабдуулар тандалды. Интерьерде колдонулуучу паннонун жасоонун технологиялык ирээти иштелип чыкты.

**Негизги сөздөр**: панно, жүн, декор, оюм-чийим, эскиз, кооздоо, кургак кийиз, нымдуу кийиз, кол өнөрчүлүк искусствосу

**Камилжан кызы К.**
преподаватель
Ошский Технологический университет имени М.М.Адышева
г. Ош
**kamilzhan92@bk.ru**

## РАЗВИТИЕ ТВОРЧЕСТВА СТУДЕНТОВ ПРИ ИЗГОТОВЛЕНИИ ПАННО ИЗ ШЕРСТИ

**Аннотация:** Предмет исследования обучение искусству кыргызских мастериц изготовления войлока и широкое распространение его среди народа, в легкой промышленности.

Цель исследования: народные мастерицы нашего кочевого народа издревле изготовливали из шерсти мокрым валянием шырдыки, ала-кийизы и обучение этому

искусству удобными  методами будущим поколениям. Разработка простых методов обучения студентов изготовлению из шерсти вещей для украшения интерьера: панно, картин. Развитие творческих способностей студентов по изготовлению традиционных национальных вещей и распространение их среди населения посредством внедрения творчества  народных мастериц в производство, а также создание благоприятных условий для этого развития.Создание условий для сохранения кыргызского национального искусства для будущих поколений, производства традиционных войлочных изделий посредством широкого внедрения их в производство и распространение их среди населения. Приведение войлочного искусства в вещах и костюме к направлениям в моде и обеспечение сохранения войлочного искусства в каждой эпохе и передача его будущим поколениям.

Новизна в исследовании: определена технология изготовления войлока из основных 4-х этапов Полученные результаты использованы в производстве качественных изделий из войлока на занятиях по дисциплине “Декоративно-прикладное искусство” и осуществлен выбор материалов и оборудования. Разработана технологическая последовательность изготовления панно, применяемого в интерьере.

**Ключевые слова:** панно, декор, узоры, эскиз, украшение, сухой войлок, мокрый войлок, декоративно-прикладное искусство

**Kamilzhan kyzy K.**
teacher
Osh Technological University named after M.M. Adyshev
Osh c.
kamilzhan92@bk.ru

## DEVELOPMENT OF STUDENTS' CREATIVITY IN MANUFACTURING WOOL PANEL

**Annotation:** The subject of the study teaching the art of Kyrgyz felt-making craftswomen and its widespread distribution among the people, in light industry.

The purpose of the study the folk craftsmen of our nomadic people have since ancient times made shyrdyks, ala-kiyizas from wool by wet felting and teaching this art by convenient methods to future generations. Development of simple methods for teaching students how to make things from wool for interior decoration: murals, paintings. The development of students' creative abilities in the manufacture of traditional national items and their dissemination among the population through the introduction of the creativity of folk craftsmen into production, as well as the creation of favorable conditions for this development. Creating conditions for the preservation of Kyrgyz national art for future generations, the production of traditional felt products through their widespread introduction into production and distribution among the population.

Bringing felt art in clothes and costume to trends in fashion and ensuring the preservation of felt art in every era and passing it on to future generations.

Novelty in the study: the technology of manufacturing felt from the main 4 stages was determined. The results obtained were used in the production of high-quality felt products in classes on the discipline “Decorative and Applied Arts” and a choice of materials and equipment was made. The technological sequence of manufacturing panels used in the interior has been developed.

**Key words**: panels, decor, patterns, sketch, decoration, dry felt, wet felt, decorative and applied art

Кыргызстанда учурда жеңил өнөр жай тармагы актуалдуу болуп, анын ичинде кол өнөрчүлүк искусствосу чон талапка ээ болууда. Кол өнөрчүлүктөн жасалган буюмдар баалуу эсептелип чет жактан келген туристердин да кызыгуусун арттырууда. Кол өнөрчүлүктүн кылымдан бери келген нукура кийиз өнөрү, Кыргызстандын жети областында ар түрдүү ыкмада жасалып өлкө ичинде гана эмес, Европа жана Азия өлкөлөрдүн дүкөндөрүнө сатылууда. Азыркы күндө кийиз жасоо адамдардын көңүлүн буруп, кызыгуусун арттырууда, себеби күндөлүк турмушта суроо-талапка ээ. Учурда жаштар арасында нукура баалуулуктарга кызыгуусун арттыруу үчүн Көркөм кол өнөрчүлүк таалиминен нукура кийиз өнөрүн студенттерге үйрөтүү менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө практикалык сабактан интерьерлерди коозоо үчүн колдонулуучу паннону жүндөн жасоону үйрөндүүдө.

Кийиз – жүндөн басып жасалган, токулбаган, тыгыз текстилдик материал. Кийиз алдын ала белгилүү өлчөмү аныкталып арналышына карата ар кандай калыңдыкта жасалат. Кийизди басып жасоо- эң байыркы текстилдик өнөр азыркы кезде күнүмдүк турмушка байланышкан буюмдарды жасоодо өзүнүн экинчи өнүүгүсүн башынан өткөзүп жаткан өндүрүш десек болот. Кийизди басып жасоонун тарыхы байыркы кылымдардан башталат. Биринчи жолу кийиз, биздин заманга чейинки 3 миң жыл мурда көчмөн элдерде белгилүү болгон текстилдин түрү болгондуктан адамды өмүрү өткөнчө коштоп жүргөн [1,2]. Кыргыздар көчмөн калк болгондуктан, жүндөн жасалган буюмдар колдонууга ыңгайлуу келип, кийизден жасалган кийимдерди кийишкен, ат жабдыктарын да кийизден жасап жабдышкан. Кийиз жаман нерселерден, душмандын жебесинен, сууктан, ыссыктан сактаган. Окумуштуулар белгилегендей тигүүчүлүк өнөрүнүн 20 миң жыл болсо, ал эми кийиз жасоо кийинчерээк пайда болгон [3,4]. Кийиз абдан ийкемдүү болгондуктан каалаган буюмдарды жасоого ыңгайлуу. Жүндөн көлөмдүү буюмдарды, (килем, дарожка, шырдак) сырт кийимдерди, аксессуарларды, сумкаларады оюнчуктарды, офистерди коздоо үчүн паннолорду жасоого болот. Эски буюмдарды кийизден жасалган көлөмдүү оймо-чиймелер менен коздоп кайрадан колдонууга болот. Мындай жумуштарды аткарууда студенттердин ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт десек жаңылышпайбыз. Көптөгөн ойдо чыгарылган нерселерди чыгармачылык менен иштеп чыгып, эксперименттерди жасоого болот. Учурда суроо талап ээ болгон ыңгайлуу чокойлор жана жылуу тапочкалар сыяктуу бут кийимдерди жасалууда. Биз жогоруда айтылган жүндөн жасалган буюмдардын арасынан паннону тандап алып, эң жөнөкөй ыкма менен жасап көрүүнү чечтик.

**Негизинен кийиз бастыруунун кургак жана нымдуу деп аталган 2 түрү бар.**

1. Кургак бастырылган түрү жүн атайын губкага бастырылып атайын арналаган ийненин жардамы менен улам сайылып аткарылат. Бул процессте булалар өз ара жабышып, тыгыз жана бир тектүү материалга айланат.
2. Нымдуу бастырууда 70 градустагы ыссык суу жана самындын же атайын эритменин жардамы менен нымдалат, андан кийин сүрүлүп бастыруу процесси жүргүзүлүп жасалат.

Бул эки ыкманын суу менен иштөө түрүн тандап алынды, суу менен иштөө булалалардын бири-бирине болгон тыгыздыгы бекем болуп колдонууда чыдамдуу келет. Жумушту аткарууда биринчи биз эскиз түзүп алуу керек, студенттер менен келишип жартылыш көрүнүшүн панного түшүрүүнү чечтик. Жаратылыш көрүнүшүн жүн менен аткаруу эффективдүү. Эскиз төмөндө 1-сүрөттө көрсөтүлдү.



1-сүрөт. Эскиз

Эскизге жараша паннону түрдүү түстүү жүндөрдү панно жасоодо керектелүүчү материалдык каражаттар: фальга кагазы, жүн, ысык суу, суюк самын же 72%түү самын, марли.

**Кийизди жасоодо суу менен аткарууда 4 – этап менен аткарылат.**

**1-этап,** фольга кагазга эскизге жараша паннонун размерин тактап, жүндүн түстөрүн айкалышуу менен жүндү тытууда өтө кылдаттык менен жайгаштырабыз. Жүндүн канчалык жука тытылып жайгаштырылса жасалуучу буюмду колдонуу узак убакытка чейин болот. Тытылып жайгаштырылган жүндүн калындыгы 15см ден төмөн болбоосу зарыл анткени жасалуучу буюмду колдонууда ыңгайсыздык жаралат. Төмөндө 2-сүрөттө жүндү тытуу процесси аткарылууда.

2-сүрөт.



**2- этап,** тытылып жайылган жүндүн калындыгы нормалдуу көрүнүшкө келгенде үстүнө тегиз абалда суунун темпаратурасы 65-70 градустагы сууну булалардын үстүнө тегиз себүү керек. Суунун градусу 70тен ашпоосу абзел эгер жогору градуста болуп кетсе, боелгон жүндөрдүн түсү бири-бирине өтүп жасалуучу буюмдун сапатын төмөндөтөт. Сууну

куюууда булалардын бетине тегиз жетүүсү керек андан соң колдун жардамы менен бастыруу жумушун аткарабыз. Төмөндөгү 3- сүрөттө практикалык жумушта студенттердин жардамы менен кийиз жасоонун кийинки этабы аткарылууда.



3-сүрөт.

**3 – этап,** жайылган жүндүн бетине бирдей абалда суу куюлуп бүткөндөн кийин жайылган жүндүн үстүнө 72%түү самын тегиз абалда сүйкөлөт. Бул операция канчалык көп убакыт жана кылдаттык менен аткарылса жайылган жүндүн бири-бирне кыналышы ошончолук жакшы болот. Самынды сүйкөө учуру 30 же 40 минутага чейин созулушу мүмкүн, булалардын тыгыздыгы самынды сүйкөө процесси туура аткарылуусу абзел. Төмөндө 4- сүрөттө самын менен иштөө процесси көрсөтүлдү.



4- сүрөт

**4 - этап,** жогоруда көрсөтүлгөн нымдоо, самындоо, этаптары толук аткарылып бүткөндөн кийин, буюмду ороп куюлган сууну, самынды колдун жардамы менен басып сыгуу керек. Андан кийин даярдалып жаткан буюмду муздак сууга жуу керек. Жууган учурда самын суусу чыкпай калганга чейин жуу керек. Андан сон кийизди кургатуу керек, таза кургаган абалга келгенден кийин, четтерин кыркып тегиздеп формасына келтиребиз. Кургаган кийиздин тыгыз кирбей калган булаларды кургак кийизди жасоодо колдонулуучу учу

кырдуу ийне менен сайып тыгыздалбай калган булаларды бекемдейбиз. Даяр болгон кийизди колдонуу үчүн арка бөлүгүн пахта кездемеден жасалган матералды бири-бирне кол ийне менен бириктирип тигебиз. Бириктирилген тигиштерди үтүктөө иштерин жүргүзөбүз. Төмөндө 5- сүрөттө жартылыш көрүнүш түшүрүлгөн даяр болгон панно көрсөтүлдү.



Панно. 5-сүрөт.

**Колдонулган адабияттар тизмеси**


1. Антипина К.Я. Кыргызское народное творчество. Фрунзе: Кыргызстан, 1977. 254 с.

2. Акматалиев А. Кыргызское декоративно-прикладное искусство. Фрунзе: Литература, 1989. 145 с.

3. Юсусеева Н., Ысаева Н., Капалбаев О. Национальная идея в истории Кыргызстана. Бишкек: 2017. 488 с.

4. Д.Б. Бабаев, Камилжан кызы Кандалат. Методика обучения студентов умению вышивать в контексте национального прикладного искусства кыргызского народа. 2023.64-68 с.

5. Швецова О.В. Особенности обучения студентов среднего профессионального образования художественному вышиванию как педагогическая проблема // Традиционно-прикладное искусство и образование. 2021. № 3. Т. 42. С. 169–177


**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, профессор М. Арзиев**